КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
КОЧКОР РАЙОНУ

ЧОЛПОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КОЧКОРСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЧОЛПОНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Депутаттардын VIII чакырылышынын Чолпон айыл аймагынын айылдык Кеңешинин кезексиз XIII сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2025-жылдын 4-ноябры **№13/2** Чолпон айылы

**Чолпон айылдык аймагына караштуу Ак-Чий орто мектебине ысым ыйгаруу жөнүндө**

Ак-Чий жалпы билим берүү мектебинин директору Г. Жунушовдун билдирүүсүн угуп, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-39-беренесине жана КР Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 25-мартындагы “Мамлекеттик маанидеги объектилерди атоо жана кайра атоо тартиби жөнүндө” №149 токтомуна ылайык Депутаттардын Чолпон айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарынын 2025-жылдын 4-апрелиндеги №18-3942 Токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин №13-3/3283 катынын негизинде Чолпон айылдык аймагынын айыл өкмөтүнө караштуу Ак-Чий айылындагы ысым ыйгарылбаган Ак-Чий жалпы билим берүүчү мектебине, Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө эмгеги сиңген, мамлекеттик жана коомдук ишмер, маркум **Жусуп Абдрахмановдун** ысымы ыйгарылсын.

2. Жусуп Абдракмановдун ысымын ыйгарууга тиешелүү болгон мектептин иш кагаздарын бүткөрүү жагы Ак-Чий жалпы билим берүүчү мектебинин директору Жунушов Гүлжигитке тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Чолпон айылдык кеңешинин төрагасына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ө. Урматов**

**ЖИБЕРИЛСИН:** Иш кагаздарына, веб сайтка.